# Протокол

**№32 Р.Сатыбалды уулу атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылдын 3-ноябрындагы жалпы ата-энелер чогулушу**

Каралуучу маселелер:

1. **“Биздин ийгиликтерибиз” – ОББнын билим боюнча берген отчету**
2. **“Келечекти кантип курабыз” – окуучулардын тартиби,катышуусу,тазалыгы,формасы б/а талкуу**

**Жалпы ата-энелер комитетин жана ата-энелер комитетинин орун басарын шайлап алуу -ТИУ**

3. **“Баланын коопсуздугу үчүн мугалим жана ата-эне чогуу,бирдикте аракет кылалы” –Соц.педагог**
4. **“Мектеп-балдарыбыздын экинчи үйү”--- Камкорчулук кеңешинин төрайымы Калдарбекова Рапия**
5. **Жыйынтык чыгаруу- мектеп директору**
6. **Кезектеги маселелер**
7. **Ата-энелердин ой пикирлери жана сунуштары**

**Угулду: 1-маселе боюнча Темирова Нуржамал жаны окуу жылынын башталышы менен куттуктап,2021-2022-окуу жылында 15 класс комплекти,362 окуучу болду.Окуучуларды мектептен себепсиз калтырбоосун,жана ата-энелерди сабактарга келип катышып туруусун айтып өттү.**

**2-маселе боюнча мектеп организаторы К.Бостонова жаңы окуу жылынын башталышы менен куттуктап,балдардын формасы,тартиби,катышуусу боюнча сөз сүйлөдү.Эгер ата-эне баланын тартибине жакшы көңүл бөлсө билим сапаты да жакшы жыйынтык берет деп айтып өттү.Андан соң 2021-2022-окуу жылы үчүн ата-энелер комитетинин курамын шайлап алууну сунуштады.Жалпы ата-энелердин макулдугу менен төмөнкү ата-энелер шайланды.**

Scanner App Lite

Осмонова Токтайым-ата-энелер комитети

Сейит кызы Рахат- ата-энелер комитетини орун басары

Нуралиева Анара- ата-энелер комитетини орун басары

Абдыкадырова Мээрим- кыздар комитетинин төрайымы

Джееналиев Догдурбек – балдар комитетинин төрайымы

3-маселе боюнча балдардын коопсуздугун алдын алуу үчүн бир эле мугалим эмес ата-эненин да жардам берүүсү керек экендигин соц.педагог Бөйпөев Жаныбек эскертти.Кечки саат 7ден кийин балдар көчөдө жүрбөөсүн жана ата-эненин түздөн-түз жоопту экендиги тууралуу статья чыккандыгын да эскертип өттү.

4-маселе боюнча камкорчулук кеңешинин төрайымы Калдарбекова Рапия бир жылдык отчетун берди.Мындан сырткары мектеп директору З.Султанова жылуулук маселеси боюнча иштердин бүткөндүгү тууралуу жана ыссык тамакка камкорчулук кеңешинин ролу абдан чоң экендигин айтып өттү.

## Чечим:

**1-маселе боюнча билим сапатын көтөрүү максатында ата-энелер өз балдарынын үй тапшырмаларын аткарууга такай көзөмөлдөөсү жана сабактан алып калбоо жагы ата-энелерге милдеттендирилди.**

**2-маселе боюнча жаңы окуу жылында түзүлгөн ата-энелер курамы 1 жыл ичинде мектеп менен тыгыз байланышта болуп,жылдык иш планын түзүп иш алып баруусу милдеттендирилди.**

**3-маселе боюнча окуучулардын коопсуздугу үчүн мугалим жана ата-эне чогуу аракеттеннүүсү жана ата-энелер тарабынан өтө кылдаатттык мээримдүү мамиле жасоо,балага күн сайын көңүл буруп этияттык мамиле жасоосу айтылды.**

Scanner App Lite

№32 Р.Сатыбалды уулу атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылдын 17-декабрындагы ата-энелер чогулушунун

Протоколу №2

Каралуучу маселелер:

1.Жүрүш-турушу бузулган же башка коркунуч фактору билинген балдарды эрте табуу жана аларга максаттуу жардам көрсөтүү-ТИУ К.Бостонова

2.Окуучулар арасында кылмыштуулуктун, укук бузуулардын алдын алуу максатында ата-энелер комитетинен,мектеп жетекчилигинин өкүлдөрүнөн,педагогикалык жамааттан жана жогорку класстардын активдүү окуучуларынан "Алдын алуу" кеңешин түзүү.-З.Султанова

2.Окуучунун укугу жана милдети- соц.педагог Ж.Бөйпөев

4.Окуучулар арасында топтошуп мушташуулар,мектеп рекетчилиги,кылмыштуулуктун алдын алуу.Укук бузган окуучулар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү-ИДН кызматкерлери -Инашов Дүйшөбек

5-маселе Камкорчулук фондунун төрайымы Муратова Рапия эженин отчету.

Угулду:

1-маселе боюнча тирбия иштеринин уюштуруучусу К.Бостонова токтолуп өттү.Ал өз сөзүндө балдардын тартибин кантип жөнгө салуу керек жана бала жалгыз эле мугалимдики эмес,бала жакшы тарбия алса биринчилерден болуп сиздерге ата-энеге жакшы болот.Бала сиздерге көбүрөөк керек деп өз сөзүндө айтып өттү.Мындан сырткары ата-энелерге 9-декабрь түнү саат 10,11 чамаларында болуп өткөн Салам-Алик жана Ак теректин балдарынын мушташы тууралуу айтып,балдарды өз көзөмөлүңүздөргө алууну,катуу кармоону,контролду күчөтүүнү айтып өттү.

2-маселе боюнча "Балдардын коопсуздугун жана кылмыштуулуктун алдын алуу үчүн баарыбыз чогуу аракет кылуубуз керек",-деп мектеп директору З.Султанова токтолуп өттү.Келгиле балдардын ден соолугу үчүн спорт жаатында машыгууларын тыйбайбыз бирок сиздердин көзөмөлүңүздөрдө болуусу кажет.Эгерде рейд маалында түнү балдарыңыздар кармалып калса кулактандырбады деп айтпаңыздар,штрафты ата-энеге салат.Ар бир ата-эне баласын контролдоп турса баскан турганын мындай мушташуулар

№32 Р.Сатыбалды уулу атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылдын 17-декабрындагы ата-энелер чогулушунун

Протоколу №2

Каралуучу маселелер:

1.Жүрүш-турушу бузулган же башка коркунуч фактору билинген балдарды эрте табуу жана аларга максаттуу жардам көрсөтүү-ТИУ К.Бостонова

2.Окуучулар арасында кылмыштуулуктун, укук бузуулардын алдын алуу максатында ата-энелер комитетинен,мектеп жетекчилигинин өкүлдөрүнөн,педагогикалык жамааттан жана жогорку класстардын активдүү окуучуларынан "Алдын алуу" кеңешин түзүү.-З.Султанова

2.Окуучунун укугу жана милдети- соц.педагог Ж.Бөйпөев

4.Окуучулар арасында топтошуп мушташуулар,мектеп рекетчилиги,кылмыштуулуктун алдын алуу.Укук бузган окуучулар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү-ИДН кызматкерлери -Инашов Дүйшөбек

Угулду:

1-маселе боюнча тирбия иштеринин уюштуруучусу К.Бостонова токтолуп өттү.Ал өз сөзүндө балдардын тартибин кантип жөнгө салуу керек жана бала жалгыз эле мугалимдики эмес,бала жакшы тарбия алса биринчилерден болуп сиздерге ата-энеге жакшы болот.Бала сиздерге көбүрөөк керек деп өз сөзүндө айтып өттү.Мындан сырткары ата-энелерге 9-декабрь түнү саат 10,11 чамаларында болуп өткөн Салам-Алик жана Ак теректин балдарынын мушташы тууралуу айтып,балдарды өз көзөмөлүңүздөргө алууну,катуу кармоону,контролду күчөтүүнү айтып өттү.

2-маселе боюнча "Балдардын коопсуздугун жана кылмыштуулуктун алдын алуу үчүн баарыбыз чогуу аракет кылуубуз керек",-деп мектеп директору З.Султанова токтолуп өттү.Келгиле балдардын ден соолугу үчүн спорт жаатында машыгууларын тыйбайбыз бирок сиздердин көзөмөлүңүздөрдө болуусу кажет.Эгерде рейд маалында түнү балдарыңыздар кармалып калса кулактандырбады деп айтпаңыздар,штрафты ата-энеге салат.Ар бир ата-эне баласын контролдоп турса баскан турганын мындай мушташуулар болбойт.Келгиле өз баладарыбызга кайдыгер карабай катуу киришели,азыр биз алдын албасак акыбети жаман болушу мүмкүн.

3-маселе боюнча Ж.Бөйпөев: “Балдарга этият мамиле жасайлы,көбүрөөк сырдашайлы,сабактарын көзөмөлдөйлү,көңүлдү көбүрөөк бурайлы”деп айтты өз сөзүндө.

4-маселе боюнча ИДН кызматкери Инашов Дүйшобек токтолуп өттү.Балдар түнү көчөдө саат 9дан кийин рейд учурунда кармалып кала турган болсо ата-эне кадимкидей штрафты төлөйсүздөр.Спорт залга жөнөткөндөн кийин кайдыгер болбой саатын белгилеп мынчада үйдө бол,бейчаки баспа деп эскертиңиздер.Бул жөн эле мушташуу деп ойлобоңуздар,топтолуп отуруп чоң мушташууга айланат.

Мындан сырткары келген ата-энеден ар биринен түшүнүк кат жаздырылып алынды: “Мындан кийин эгер балам ушундай мушташка катышса же белгиленген убакыттан кийин көчөдө кармалып калса ,мектептен чыккандан кийинки убактысын өз көзөмөлүмө алам жана жооп берем”.

Чечим:

1.Балдарды сабактан чыккандан кийинки убактысын ата-энеге милдеттендирүү.

2.Спорт залга баруу,келүү убактысын белгилеп көзөмөлдөө саат 18:00дөн 21:00гө чейин

3.Балдарды урбай этият мамиле жасоо.

Мек дир: [подпись] /З.Султанова/

Scanner App Lite